**Кыргыздын чыгаан инсаны**

1960-жылдардын акырында “кыргыз керемети” аталган тасмалар кыргыз элин дүйнө коомчулугуна тааныткан. Ал кездин эң мыкты тасмалары Сүймөнкул Чокморовсуз болгон эмес. “Кыргыз өңү - Чокморовдун өңүндөй” деп айтылгандай, Чокморов кыргыздын улуттук мүнөздөгү бардык мыкты жана укмуштуу нерселердин жандуу образы болуп калган. Улуу актёрдун жашоосундагы кызыктуу фактыларды төмөнкү макалалардан табасыз.

**Текстти окуп чыккыла.**

**Сүймөнкул Чокморов Аяз ата болгондо**

*Сүймөнкул Чокморов Кыргыз ССРинин Сүрөтчүлөр союзунун төрагасы болуп турганда жаңы жылдык балатыда Аяз атанын ролун аткарган кездерин көптөрү билбесе керек. Анткен менен ошол кезде болжол менен 5-6 жаштагы балдардын эсинде калган.*

*"Азыр баамдасам, Сүрөтчүлөр союзунун имаратынын экинчи кабатындагы холл экен. Толук эмес, арыкчырай Аяз атаны көрдүм. Балаты салтанаты башталганга чейин эле Бактыгул (анын уулу – ред.) атасынын ролун айтып салды (Ата-энем Чокморовдор менен үй-бүлөлүк катышта болгондуктан, балдары бири-бирибизди таанычубуз). Жомок дүйнө бырын-чырын чыгып кеткендей болду. Аяз ата деген башка жактан келет да деп ичим ачышты. Мага окшогон бир топ бөбөктөр жаңы жылдык майрамга жасанып келишкен. Ал бирден чакырып жатты. Кезек мага келди. Тизесине отургузуп, Аяз атанын "Кана эми, Аленушка ырыңды айтып берчи" деген жоон үндү угуп, чын эле кадимки эле Аяз ата бар экенине ишенип, ал тургай жаттаган ырымды такылдап саймедиредим. Себеби мен билген Сүймөнкулдун үнү таптакыр башка болчу. "Чыпчын эле Аяз ата турбайбы" деген ынануу пайда болду окшойт. Азыр эстесем, андан кийин деле бир канча жылга чейин Аяз атага ишенип жүрдүм. Ошентип ал кишинин артисттик чеберчилиги менен жомок дүйнөм өз калыбында калган", – деп эскерди бала чагын медиаэксперт, окутуучу Елена Воронина.*

**Хеопстон эстелик**

“Адамзат колунан жарал-ган, нечендеген доорлордун элдерин тамшандырган, көр-сөм дегендерди ак эткенден так эттирген, төбөсү булут челген Хеопстун түбүндө туруп, ишенесиңби, өзүмдү ушунчалык бактылуу сезип, пирамиданын муздак бооруна кол тийгиздим да, "эми өлүп кетсем арманым жок, ээ" деп жиберипмин. Жанымдагылар таштан-ташка секирип, пира-мидаң тепкич-тепкич болот экен, өйдө чыгып кетишти, мен ылдыйда калдым, ооруп жатсам менде дарман-ал болобу? Утуру мизилдетип шыпырып-сыйрып турушат, анан кадам сайын бирден сакчы. Көздөрүн ирмеп койбойт. Карындан май кескендей кесип, кынаптап тизген чулу таштарды кыркалатып, зор усталык менен төшөп чыккан убалы жок кулдардын кара күчүнө айран калып басып жүрсөм, ушул сенин колуңдагы ак кесек мындай жерде жатат. Арбап, бура бастырбайт. Эңкейсем эле эки кадам нары жакта турган сакчы шекшиги-дей. А кесек көздү бир күйгүзөт. Айла куруганда, бет аарчымды түшүрүп жибери-миш болуп, көздү кычыш-тырган Хеопстун ак кесегин кошо илип кеттим. Менин ордумда актёрдук өнөрдөн алыс жүргөн адам болсо, сакчынын колуна түшүп, көздөрүн жалдыратып тур-мак…", – деп айтып бериптир улуу актёр.

**Сүймөнкул Чокморовдун кыялындагы ролдор**

Чокморовдун Манастын ролун жаратсам деген изги тилеги болгон. Актёр Манастын образын Саякбай Каралаевден улам таанып-билгендиги айтылып келет. Ал "XX кылымдын Гомеринин" портретин тарткан сайын, эпосту тереңирээк билип, анын көңүлүндө аздектеп, жан дүйнөсүнө жакын алган.

Экинчи образ – Чыңгызхандын ролу эле. Тарыхый бул адам тууралуу китептерди, материалдарды чогултуп, аларды окуп, өзүнүн ички дүйнөсүндө жашатып, акыл элегинен өткөрүп келген. Актёрдун ак эткенден так этип, эңсеген кыялын билген тааныштары чет өлкөгө чыкканда ал тууралуу китептерди ала келип беришчү экен.

Экранда жаратсам деген дагы бир образы - тарыхый адамдардын бири кубалык Че Гевара болуптур."Эрки күчтүү, дүйнөсү бай, Куба элинин жалындуу уулу Че Гевара мени ар дайым кызыктырып келет. Андыктан биздин элдин алдына мына ушул Че Геварадай азаматын ойносом дегенде эки көзүм төрт...", - деген экен мындан 47 жыл мурда берген маегинде.

**Тапшырмаларга жооп бергиле.**

**№1.** Текстте С.Чокморовдун келбетин сүрөттөгөн кандай маалымат бар?
А) тарыхый Б) чебер В) арыкчырай Г) улуу

| №1. "С.Чокморов". 01.04.01.11.07.01 | |
|---|---|
| ТАПШЫРМАНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ:<br>• Баалоонун мазмундук чөйрөсү: Кыргыздын чыгаан инсандары<br>• Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: Маалыматты табуу жана алуу<br>• Контексти: Коомдук, маданият жана искусство (Көп контексттүү)<br>• Тексттин тиби: туташ<br>• Тапшырманын деңгээли:1<br>• Тапшырманын форматы: бир туура жоопту белгилөө<br>• Баалоо объектиси: бир маалымат бирдигин табуу жана чыгаруу<br>• Жогорку упайы:1<br>• Текшерүү ыкмасы: компьютердик | |
| Баалоо тутуму | |
| Упайы | Чен-өлчөмдүн мазмуну |
| 1 | В) арыкчырай |
| 0 | Башка жооп белгиленсе же жообу жок болсо |

**№2**. Кынаптап тизилген чулу таштар деп эмне жөнүндө айтылып жатат?
А) кыймылдабаган сакчылар Б) таштай тизилген кулдар
В) адамдын ички дүйнө Г) Хеопстун пирамида

| **№2 .** "С.Чокморов". 01.04.02.11.07.01 | |
|---|---|
| ТАПШЫРМАНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ:<br>• Баалоонун мазмундук чөйрөсү: Кыргыздын чыгаан инсандары<br>• Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: Маалыматтарды бириктирүү жана чечмелөө<br>• Контексти: Коомдук, маданият жана искусство (Көп контексттүү)<br>• Тексттин тиби: туташ<br>• Тапшырманын деңгээли:1<br>• Тапшырманын форматы: бир туура жоопту белгилөө<br>• Баалоо объектиси: контексттин негизинде сөздүн же сөз айкашынын маанисин түшүнүү<br>• Жогорку упайы:1<br>• Текшерүү ыкмасы: компьютердик | |
| Баалоо тутуму | |
| Упайы | Чен-өлчөмдүн мазмуну |
| 1 | Г) Хеопстун пирамидасы |
| 0 | Башка жооп белгиленсе же жообу жок болсо |

**№3**. С.Чокморов сүрөттөгөн салыштыруу кайсы?
А) эки көзү төрт Б) ак эткенден так этип
В) карындан май кескендей Г) көздү кычыштырган

| **№3.** "С.Чокморов". 01.04.02.11.07.01 | |
|---|---|
| ТАПШЫРМАНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ:<br>• Баалоонун мазмундук чөйрөсү: Кыргыздын чыгаан инсандары<br>• Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: Маалыматтарды бириктирүү жана чечмелөө<br>• Контексти: Коомдук, маданият жана искусство (Көп контексттүү)<br>• Тексттин тиби: туташ<br>• Тапшырманын деңгээли:1<br>• Тапшырманын форматы: бир туура жоопту белгилөө<br>• Баалоо объектиси: контексттин негизинде сөздүн же сөз айкашынын маанисин түшүнүү<br>• Жогорку упайы:1<br>• Текшерүү ыкмасы: компьютердик | |
| Баалоо тутуму | |
| Упайы | Чен-өлчөмдүн мазмуну |
| 1 | В) карындан май кескендей |
| 0 | Башка жооп белгиленсе же жообу жок болсо |

**№4**. Окутуучу эскерген кайсы мезгил?

А) жаз Б) кыш В) жай Г) күз

| №4. “С.Чокморов”. ОС 01.04.02.11.07.01 | |
|---|---|
| ТАПШЫРМАНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ:<br>• Баалоонун мазмундук чөйрөсү: Кыргыздын чыгаан инсандары<br>• Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: Маалыматтарды бириктирүү жана чечмелөө<br>• Контексти: Коомдук, маданият жана искусство (Көп контексттүү)<br>• Тексттин тиби: туташ<br>• Тапшырманын деңгээли:1<br>• Тапшырманын форматы: бир туура жоопту белгилөө<br>• Баалоо объектиси: тексттин 1 фрагментинде берилген маалымат боюнча корутунду чыгаруу<br>• Жогорку упайы:1<br>• Текшерүү ыкмасы: компьютердик | |
| Баалоо тутуму | |
| Упайы | Чен-өлчөмдүн мазмуну |
| 1 | Б) кыш |
| 0 | Башка жооп белгиленсе же жообу жок болсо |

**№5.** Медиаэксперт актёрдун эмнени сактап калганы жөнүндө баяндаган?

А) Чыңгызхан тууралуу китептерди Б) Медиаэксперттин жомок дүйнөсүн

В) Пирамидадан алган ак кесегин Г) Саякбай Каралаевдин портретин

| №5. “С.Чокморов”. 01.04.02.11.07.01 | |
|---|---|
| ТАПШЫРМАНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ:<br>• Баалоонун мазмундук чөйрөсү: Кыргыздын чыгаан инсандары<br>• Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: Маалыматтарды бириктирүү жана чечмелөө<br>• Контексти: Коомдук, маданият жана искусство (Көп контексттүү)<br>• Тексттин тиби: туташ<br>• Тапшырманын деңгээли:1<br>• Тапшырманын форматы: бир туура жоопту белгилөө<br>• Баалоо объектиси: каармандардын сезимдерин, мотивдерин, мүнөздөрүн түшүнүү<br>• Жогорку упайы:1<br>• Текшерүү ыкмасы: компьютердик | |
| Баалоо тутуму | |
| Упайы | Чен-өлчөмдүн мазмуну |
| 1 | Б) Медиаэксперттин жомок дүйнөсүн |
| 0 | Башка жооп белгиленсе же жообу жок болсо |

**№6.** С.Чокморов кайсы замандашынын ролун аткарууну кыялданган?

А) Манас Б) Че Гевара В) С.Каралаев Г) Чыңгызхан

| №6. “С.Чокморов”. 01.04.02.11.07.01 | |
|---|---|
| ТАПШЫРМАНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ:<br>• Баалоонун мазмундук чөйрөсү: Кыргыздын чыгаан инсандары<br>• Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: Маалыматтарды бириктирүү жана чечмелөө<br>• Контексти: Коомдук, маданият жана искусство (Көп контексттүү)<br>• Тексттин тиби: туташ<br>• Тапшырманын деңгээли:1<br>• Тапшырманын форматы: бир туура жоопту белгилөө<br>• Баалоо объектиси: тексттин ар кандай бөлүктөрүнөн же ар кандай тексттерден алынган маалыматтарды бириктирүүнүн негизинде тыянак чыгаруу<br>• Жогорку упайы:1<br>• Текшерүү ыкмасы: компьютердик | |
| Баалоо тутуму | |
| Упайы | Чен-өлчөмдүн мазмуну |
| 1 | Б) Че Гевара |
| 0 | Башка жооп белгиленсе же жообу жок болсо |

**№7.** Текст боюнча С.Чокморов ал ролду жөн гана кыялданбастан, ага даярданган дегенди кайсы маалымат далилдеп турат?

А) ал жөнүндө элге жарыя кылганы | Б) китептерди, материалдарды чогултканы
В) кесибин ар кайсы жерде сынап көргөнү | Г) актёрдук чеберчилигин жогорулатканы

| №7. "С.Чокморов". 01.04.02.11.07.01 | |
|---|---|
| ТАПШЫРМАНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ:<br>• Баалоонун мазмундук чөйрөсү: Кыргыздын чыгаан инсандары<br>• Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: Маалыматтарды бириктирүү жана чечмелөө<br>• Контексти: Коомдук, маданият жана искусство (Көп контексттүү)<br>• Тексттин тиби: туташ Тапшырманын деңгээли:1<br>• Тапшырманын форматы: бир туура жоопту белгилөө<br>• Баалоо объектиси: окуялардын же ырастоолордун ортосундагы байланыштарды табуу (себеп-натыйжалык байланыштар, аргумент-контраргументтик байланыштар, тезис-мисал, окшоштук-айырмачылык ж.б.)<br>• Жогорку упайы:1<br>• Текшерүү ыкмасы: компьютердик | |
| Баалоо тутуму | |
| Упайы | Чен-өлчөмдүн мазмуну |
| 1 | Б) китептерди, материалдарды чогултканы |
| 0 | Башка жооп белгиленсе же жообу жок болсо |

**№8.** Берилген тексттер С.Чокморовдун эмнесин баяндайт?

А) сүрөтчүлүк кесибин | Б) спорттогу чеберчилигин
В) адамгерчилик касиетин | Г) актёрдук чеберчилигин

| №8. "С.Чокморов". 01.04.02.11.07.01 | |
|---|---|
| ТАПШЫРМАНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ:<br>• Баалоонун мазмундук чөйрөсү: Кыргыздын чыгаан инсандары<br>• Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: Маалыматтарды бириктирүү жана чечмелөө<br>• Контексти: Коомдук, маданият жана искусство (Көп контексттүү)<br>• Тексттин тиби: туташ<br>• Тапшырманын деңгээли:1<br>• Тапшырманын форматы: бир туура жоопту белгилөө<br>• Баалоо объектиси: тексттин ар кандай бөлүктөрүнөн же ар кандай тексттерден алынган маалыматтарды бириктирүүнүн негизинде тыянак чыгаруу<br>• Жогорку упайы:1<br>• Текшерүү ыкмасы: компьютердик | |
| Баалоо тутуму | |
| Упайы | Чен-өлчөмдүн мазмуну |
| 1 | Г) актёрдук чеберчилигин |
| 0 | Башка жооп белгиленсе же жообу жок болсо |

**№9.** С.Чокморовду чыгармачылыгында "дүйнөлүк" деген сыпаттоону татыктуу, барабар келген кайсы сөз айкашы алмаштыра алат?

А) "эрки күчтүү" Б) "жандуу образ" В) "чыпчын Аяз ата" Г) "кыргыз өңү"

| №9. "С.Чокморов". 01.04.02.11.07.01 | |
|---|---|
| ТАПШЫРМАНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ:<br>• Баалоонун мазмундук чөйрөсү: Кыргыздын чыгаан инсандары<br>• Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: Маалыматтарды бириктирүү жана чечмелөө<br>• Контексти: Коомдук, маданият жана искусство (Көп контексттүү)<br>• Тексттин тиби: туташ<br>• Тапшырманын деңгээли:2<br>• Тапшырманын форматы: бир туура жоопту белгилөө<br>• Баалоо объектиси: тексттин ар кандай бөлүктөрүнөн же ар кандай тексттерден алынган маалыматтарды бириктирүүнүн негизинде тыянак чыгаруу<br>• Жогорку упайы:1<br>• Текшерүү ыкмасы: компьютердик | |
| Баалоо тутуму | |
| Упайы | Чен-өлчөмдүн мазмуну |
| 1 | Г) "кыргыз өңү" |
| 0 | Башка жооп белгиленсе же жообу жок болсо |

**№10.** Тексттердин бири актёрдун аткарган кайсы белгисиз ролу жөнүндө баяндайт?
Жообун жазгыла.
Аяз ата

| №10. "С.Чокморов". 01.04.02.11.07.01 | |
|---|---|
| ТАПШЫРМАНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ:<br>• Баалоонун мазмундук чөйрөсү: Кыргыздын чыгаан инсандары<br>• Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: Маалыматтарды бириктирүү жана чечмелөө<br>• Контексти: Коомдук, маданият жана искусство (Көп контексттүү)<br>• Тексттин тиби: туташ<br>• Тапшырманын деңгээли:1<br>• Тапшырманын форматы: бир туура жоопту белгилөө<br>• Баалоо объектиси: тексттин 1 фрагментинде берилген маалымат боюнча корутунду чыгаруу<br>• Жогорку упайы:1<br>• Текшерүү ыкмасы: эксперттик | |
| Баалоо тутуму | |
| Упайы | Чен-өлчөмдүн мазмуну |
| 1 | Аяз ата |
| 0 | Башка жооп белгиленсе же жообу жок болсо |

**№11.** С.Чокморовдун эскерүүсүндө адамды адамга салыштыруу тууралуу маалымат барбы?
Жообун жазгыла.
Актёр менен жөнөкөй адамды салыштыруу

| №11. "С.Чокморов". 01.04.01.11.07.01 | |
|---|---|
| ТАПШЫРМАНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ:<br>• Баалоонун мазмундук чөйрөсү: Кыргыздын чыгаан инсандары<br>• Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: Маалыматты табуу жана алуу<br>• Контексти: Коомдук, маданият жана искусство (Көп контексттүү)<br>• Тексттин тиби: туташ<br>• Тапшырманын деңгээли:2<br>• Тапшырманын форматы: ачык, кенен жооп берүү<br>• Баалоо объектиси: маалыматтын бар/жок экенин аныктоо<br>• Жогорку упайы:1<br>• Текшерүү ыкмасы: эксперттик | |
| Баалоо тутуму | |
| Упайы | Чен-өлчөмдүн мазмуну |
| 1 | Актёр менен жөнөкөй адамды салыштыруу |
| 0 | Башка жооп белгиленсе же жообу жок болсо |

**№12.** Тексттерде С.Чокморовдун сүрөтчүлүк кесибин аныктай турган маалымат барбы?
Макаланын аталышын же катарын аныктагыла.
Жообун жазгыла. 1, 3

| №12. "С.Чокморов". 01.04.02.11.07.01 | |
|---|---|
| ТАПШЫРМАНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ:<br>• Баалоонун мазмундук чөйрөсү: Кыргыздын чыгаан инсандары<br>• Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү Маалыматтарды бириктирүү жана чечмелөө<br>• Контексти: Коомдук, маданият жана искусство (Көп контексттүү)<br>• Тексттин тиби: туташ<br>• Тапшырманын деңгээли:2<br>• Тапшырманын форматы: ачык, кыска<br>• Баалоо объектиси: фактылык маалыматты (сюжетти, окуялардын ырааттуулугун ж.б.) түшүнө билүү<br>• Жогорку упайы:1<br>• Текшерүү ыкмасы: эксперттик | |
| Баалоо тутуму | |
| Упайы | Чен-өлчөмдүн мазмуну |
| 1 | 1, 3 |
| 0 | Башка жооп белгиленсе же жообу жок болсо |

**№ 13.** Чокморовдун баянында кандай стилдик ката бар?
Жообун жазгыла.
Хеопстун пирамидасы деген сөз айкашынан пирамида деген сөз түшүп калган.

| №13. "С.Чокморов". 01.04.03.11.07.01 | |
|---|---|
| ТАПШЫРМАНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ:<br>• Баалоонун мазмундук чөйрөсү: Кыргыздын чыгаан инсандары<br>• Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү Текстин мазмунуна жана формасына баа берүү<br>• Контексти: Коомдук, маданият жана искусство (Көп контексттүү)<br>• Тексттин тиби: туташ<br>• Тапшырманын деңгээли:1<br>• Тапшырманын форматы: ачык, кенен жооп берүү<br>• Баалоо объектиси: тексттин формасына (түзүмүнө, стилине ж.б.), автор колдонгон ыкмалардын ылайыктуулугуна баа берүү<br>• Жогорку упайы:1<br>• Текшерүү ыкмасы: эксперттик | |
| Баалоо тутуму | |
| Упайы | Чен-өлчөмдүн мазмуну |
| 1 | Бар, Хеопстун пирамидасы деген сөз айкашынан пирамида деген сөз түшүп калган. |
| 0 | Башка жооп белгиленсе же жообу жок болсо |

**№ 14.** Хеопс деген сөз эмнени түшүндүрөт?
Жообун жазгыла.
Хеопс – адамдын аты, Байыркы Египеттин фараону.

| №14. "С.Чокморов". 01.04.04.11.07.01 | |
|---|---|
| ТАПШЫРМАНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ:<br>• Баалоонун мазмундук чөйрөсү: Кыргыздын чыгаан инсандары<br>• Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү Тексттеги маалыматты ар кандай максаттарда колдонуу<br>• Контексти: Коомдук, маданият жана искусство (Көп контексттүү)<br>• Тексттин тиби: туташ<br>• Тапшырманын деңгээли:2<br>• Тапшырманын форматы: ачык, кенен жооп берүү<br>• Баалоо объектиси: Фондук билимди тартуу менен практикалык маселени чечүү үчүн тексттеги маалыматты колдонуу<br>• Жогорку упайы:1<br>• Текшерүү ыкмасы: эксперттик | |
| Баалоо тутуму | |
| Упайы | Чен-өлчөмдүн мазмуну |
| 1 | Хеопс – адамдын аты, Байыркы Египеттин фараону. |
| 0 | Башка жооп белгиленсе же жообу жок болсо |

**№ 15.** Чокморовдун өзүнүн эскерүүсүндө эмнеге таң калганы баяндалган?
Жообун жазгыла.
Зор таштарды тизген кулдардын күчүнө

| №15. "С.Чокморов". 01.04.02.11.07.01 | |
|---|---|
| ТАПШЫРМАНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ:<br>• Баалоонун мазмундук чөйрөсү: Кыргыздын чыгаан инсандары<br>• Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү Маалыматтарды бириктирүү жана чечмелөө<br>• Контексти: Коомдук, маданият жана искусство (Көп контексттүү)<br>• Тексттин тиби: туташ<br>• Тапшырманын деңгээли:2<br>• Тапшырманын форматы: ачык, кенен жооп берүү<br>• Баалоо объектиси: каармандардын сезимдерин, мотивдерин, мүнөздөрүн түшүнүү<br>• Жогорку упайы:1<br>• Текшерүү ыкмасы: эксперттик | |
| Баалоо тутуму | |
| Упайы | Чен-өлчөмдүн мазмуну |
| 1 | Зор таштарды тизген кулдардын күчүнө |
| 0 | Башка жооп белгиленсе же жообу жок болсо |

**№16.** Актёр өзүнүн өнөрүн кимге, эмнеге пайдаланганы жөнүндө баяндалган?
Жообун жазгыла.
Сакчыларга, ташты уурдап алууга

| №16. "С.Чокморов". 01.04.02.11.07.01 | |
|---|---|
| ТАПШЫРМАНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ:<br>• Баалоонун мазмундук чөйрөсү: Кыргыздын чыгаан инсандары<br>• Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү Маалыматтарды бириктирүү жана чечмелөө<br>• Контексти: Коомдук, маданият жана искусство (Көп контексттүү)<br>• Тексттин тиби: туташ<br>• Тапшырманын деңгээли:2<br>• Тапшырманын форматы: ачык, кенен жооп берүү<br>• Баалоо объектиси: тексттин 1 фрагментинде берилген маалымат боюнча корутунду чыгаруу<br>• Жогорку упайы:1<br>• Текшерүү ыкмасы: эксперттик | |
| Баалоо тутуму | |
| Упайы | Чен-өлчөмдүн мазмуну |
| 1 | Сакчыларга, ташты уурдап алууга |
| 0 | Башка жооп белгиленсе же жообу жок болсо |

**№ 17**. Текстте "XX кылымдын Гомери" деп ким жөнүндө эскерилген? Жообун жазгыла.
С.Каралаев

| №17 . "С.Чокморов". 01.04.02.11.07.01 | |
|---|---|
| ТАПШЫРМАНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ:<br>• Баалоонун мазмундук чөйрөсү: Кыргыздын чыгаан инсандары<br>• Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү Маалыматтарды бириктирүү жана чечмелөө<br>• Контексти: Коомдук, маданият жана искусство (Көп контексттүү)<br>• Тексттин тиби: туташ<br>• Тапшырманын деңгээли:2<br>• Тапшырманын форматы: ачык, кыска<br>• Баалоо объектиси: контексттин негизинде сөздүн же сөз айкашынын маанисин түшүнүү<br>• Жогорку упайы:1<br>• Текшерүү ыкмасы: эксперттик | |
| Баалоо тутуму | |
| Упайы | Чен-өлчөмдүн мазмуну |
| 1 | С.Каралаев |
| 0 | Башка жооп белгиленсе же жообу жок болсо |

**№18.** Ар бир суроого "Ооба" же "Жок" деген жоопту белгилегиле.

| Суроолор | Ооба | Жок |
|---|---|---|
| 1. С.Чокморовду медиаэксперт жеке таанычубу? | + | |
| 2. С.Чокморовдун ролдор тууралуу кыялы ишке ашканбы? | | + |
| 3. Актёр улуу манасчыны жеке тааныганбы? | + | |
| 4. Текстте актёрдун ал кезде ээлеген кызмат орду жөнүндө маалымат барбы? | + | |

| **№18.** "С.Чокморов". 01.04.01.11.07.01 | |
|---|---|
| ТАПШЫРМАНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ:<br>• Баалоонун мазмундук чөйрөсү: Кыргыздын чыгаан инсандары<br>• Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү Маалыматты табуу жана чыгаруу<br>• Контексти: Коомдук, маданият жана искусство (Көп контексттүү)<br>• Тексттин тиби: туташ<br>• Тапшырманын деңгээли:3<br>• Тапшырманын форматы: альтернативалуу жооптор<br>• Баалоо объектиси: ар кандай тексттерде жайгашкан бир нече маалыматты табуу жана чыгаруу<br>• Жогорку упайы:2<br>• Текшерүү ыкмасы: компьютердик | |
| Баалоо тутуму | |
| Упайы | Чен-өлчөмдүн мазмуну |
| 2 | 1)+ 2) – 3) + 4)+ 4 же 3 туура жооп берилсе |
| 1 | каалаган 2 туура жооп берилсе |
| 0 | Башка жооп белгиленсе же жообу жок болсо |

**№19.** Ар бир суроого "Ооба" же "Жок" деген жоопту белгилегиле.

| Суроолор | Ооба | Жок |
|---|---|---|
| 1. С.Чокморов пирамидага чыкканбы? | | + |
| 2. С.Чокморов Египетке барганда ооруп калганбы? | + | |
| 3. Актёр пирамиданын сакчысын алдап койгонбу? | + | |
| 4. С.Чокморов Манастын образын тартканбы? | | + |

**№19.** "С.Чокморов". 01.04.01.11.07.01

ТАПШЫРМАНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ:

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: Кыргыздын чыгаан инсандары
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү Маалыматты табуу жана чыгаруу
- Контексти: Коомдук, маданият жана искусство (Көп контексттүү)
- Тексттин тиби: туташ
- Тапшырманын деңгээли:3
- Тапшырманын форматы: альтернативалуу жооптор
- Баалоо объектиси: ар кандай тексттерде жайгашкан бир нече маалыматты табуу жана чыгаруу
- Жогорку упайы:2
- Текшерүү ыкмасы: компьютердик

Баалоо тутуму

| Упайы | Чен-өлчөмдүн мазмуну |
|---|---|
| 2 | 1) - 2) + 3) + 4) - 4 же 3 туура жооп берилсе |
| 1 | каалаган 2 туура жооп берилсе |
| 0 | Башка жооп белгиленсе же жообу жок болсо |

**№20.** 1-катардагы адамдарды 2-катардын маалыматтары менен дал келтиргиле.

| | |
|---|---|
| А. Бактыгул | 1. Патриот |
| Б. Елена Воронина | 2. Тарыхый адам |
| В. Чыңгызхан | 3. Медиаэксперт |
| Г. Ге Чевара | 4. Актёрдун уулу |
| | 5. Улуу манасчы |

| | |
|---|---|
| А | 4 |
| Б | 3 |
| В | 2 |
| Г | 1 |

№20. "С.Чокморов". 01.04.02.11.07.01

ТАПШЫРМАНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ:

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: Кыргыздын чыгаан инсандары
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү Маалыматтарды бириктирүү жана чечмелөө
- Контексти: Коомдук, маданият жана искусство (Көп контексттүү)
- Тексттин тиби: туташ
- Тапшырманын деңгээли:3
- Тапшырманын форматы: дал келтирүү
- Баалоо объектиси: тексттин ар кандай бөлүктөрүнөн же ар кандай тексттерден алынган маалыматтарды бириктирүүнүн негизинде тыянак чыгаруу
- Жогорку упайы:2
- Текшерүү ыкмасы: компьютердик

Баалоо тутуму

| Упайы | Чен-өлчөмдүн мазмуну |
|---|---|
| 2 | А 4; Б 3; В 2; Г 1 |
| | каалаган 3 же 4 дал келүүнү тапса |
| 1 | 2 дал келүүнү тапса |
| 0 | Башка жооп белгиленсе же жообу жок болсо |